| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br><br>**ТОҢ РАЙОНУ**<br>**КӨК-МОЙНОК**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br><br>**ТОНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**<br>**КОК-МОЙНОКСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГОАЙМАКА** |

**Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын**
**VII чакырылышы**

# ТОКТОМ

2023-жылдын 3-июлу № 36 Ак-Өлөң айылы

**“АРИСтин «Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорунун алкагындагы кошумча каржылоо (COVID-19га жооп кайтаруу боюнча)»-КК АИД-3 долбоорундагы ири долбоор “Ак-Өлөң айылындагы С.Каралаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин энергоэффективдүүлүгүн жакшыртуу (жылуулук конвекторлорун орнотуу)” жана “Көк-Мойнок-1 айылындагы ФАПка жабдууларды жана эмеректерди сатып алуу” жөнүндө**

КК АИД-3түн алкагында айылдык аймагында жүргүзүлгөн долбоордук иш-чаралар жөнүндө жана ири долбоорлор **“Ак-Өлөң айылындагы С.Каралаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин энергоэффективдүүлүгүн жакшыртуу (жылуулук конвекторлорун орнотуу)”** жана **”Кок-Мойнок-1 айылындагы ФАПка жабдууларды жана эмеректерди сатып алуу”**, боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы М. Р. Койгелдиевдин маалыматын карап жана талкуулап, ошондой эле "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" 20-октябрь, 2021-жылдын № 123 Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренесине ылайык, Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңеши **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Ири долбоорлор-

**“Ак-Өлөң айылындагы С.Каралаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин энергоэффективдүүлүгүн жакшыртуу (жылуулук конвекторлорун орнотуу)”** жалпы бюджет **2 842 763** сом, а.и. АРИСтин гранты **2 650 000** сом, жергиликтүү бюджеттен кошумча каржылоо **192 763** сом, бекитилсин.

**“Көк-Мойнок-1 айылындагы ФАПка жабдууларды жана эмеректерди сатып алуу”** жалпы бюджет **997 700** сом, а.и. АРИСтин гранты **917 000** сом, жергиликтүү бюджеттен кошумча каржылоо **80 700** сом, бекитилсин.

2. Ири долбоорлор- **“Ак-Өлөң айылындагы С.Каралаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин энергоэффективдүүлүгүн жакшыртуу (жылуулук конвекторлорун орнотуу)”** жана **“Көк-Мойнок-1 айылындагы ФАПка жабдууларды**

**жана эмеректерди сатып алуу"** 2023-жылдын Көк-Мойнок айылдык аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүү планына жана инвестициялык планга киргизилсин;

3. Ири долбоордо көрсөтүлгөн объектти техникалык тейлөөгө жана пайдаланууга жергиликтүү бюджеттен чыгымдарды бекитилсин;

4. Айыл өкмөтүнүн башчысы **М.Р. Койгелдиевге** ири долбоорду жана тиешелүү иш-кагаздарды АРИСке өз убагында берүү боюнча тапшырма берилсин;

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Көк-Мойнок айыл өкмөт башчысына жана айылдык кеңештин бюджет маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **С. Д. Байбосунов**